ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 930.85

А.К. КАРЫЕВА
A.K. KARYEVA
E.mail. ksucta@elcat.kg

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫНДАГЫ АЛГАЧКЫ ИЛИМИЙ ЭМГЕК

# ПЕРВАЯ НАУЧНАЯ РАБОТА В ИСТОРИИ КЫРГЫЗСТАНА

# THE FIRST SCIENTIFIC WORK IN THE HISTORY OF KYRGYZSTAN

*Макала алгачкы кыргыз тарыхчысы жана агартуучусу Белек Солтоноевдун "Кызыл кыргыз тарыхы" илимий эмгегине арналган. Кыргыз элинин байыркы доорунан тартып XX кылымдын 30-жылдарына чейинки урунттуу учурлары тарыхый материалдардын негизинде жазылган алгачкы илимий эмгек катары тарыхый мааниси зор.*

***Чечүүчү сөздөр:*** *тарых, кыргыз, санжыра, салттык, эмпирикалык, билимдер, илимий, агартуучулук.*

*Статья посвящается научному произведению первого историка и просветителя Белеку Солтоноеву "Кызыл кыргыз тарыхы". Как первый научный исторический труд написанный по истории кыргызского народа с древнейших времен до 30-х годов XX века имеет огрмное историческое значение.*

***Ключевые слова:*** *история, кыргыз, санжыра, традиционная, эмпирическая, знания, научный, просветительства.*

*The article is dedicated to the scientific work of the first historian and educator Belek Soltonoyev "Kyzyl Kyrgyz Tarykhy". As the first scientific historical work written on the history of the Kyrgyz people from ancient times to the 30s of the twentieth century has a huge historical significance.*

***Key words:*** *History, Kyrgyz, sanjyra, traditional, empirical, knowledge, scientific, enlightenment.*

Алгачкы профессионал кыргыз тарыхчысы, этнографы, агартуучусу Белек Солтоноев кыргыз элинин оозеки тарыхын, санжыра уламыштарын 1897-жылдан тартып жыйноо менен аны ырааттуу илимий негизде изилдөөнү колго алып, 1934-жылы "Кызыл кыргыз тарыхы" эмгегин жазып бүткөн. Бирок, объективдүү себептерден улам тарыхчынын эмгегин эгемендүүлүктүн мезгилинде, 1993-жылы гана чыгарууга мүмкүнчүлүк болгон. Эмгек тарыхый, этнография, археология жана фольклорго басым жасап, кыргыз тарыхын кенен камтып, кыргыз автору тарабынан илимий негизде жазылган алгачкы эмгек.[2] Б.Солтоноев кыргыз элинин өткөн тарыхын сажыра иретинде эмес илимий эмгектер менен өзү чогулткан этнографиялык маалыматтарды салыштырып, анализдеп изилдөөгө алган биринчи кыргыз профессионал тарыхчысы болгон.

XX кылымдын башындагы кыргыз элинин агартуучуларынын бири алгачкы тарыхчысы, окумуштуусу Белек Солтоноев Караколдогу орус-тузем мектебине кирет, андан окуусун уланта албай Пишпекке келип багбандарды даярдоочу шаардык кесипчилик мектептен окуган. Кыргыздын белгилүү агартуучусу өз мезгилинин өтө билимдүү адамы катары көркөм адабияттын алдыңкы үлгүлөрүн, орус тилиндеги илимий, көркөм китептер менен тааныш болгон. Орус тилинен сабаты бар агартуучу 1894-жылы Атаке болушка катчы болуп иштеп, 1916-жылы болуш болуп шайланган. 1916-жылкы элдик көтөрүлүштө эл менен кошо Кытайга качып, 1917-жылы кайра кайтып келген. Совет мезгилинин алгачкы жылдарында, 1918-1920-жылдарда Алматыдагы үгүт-насаат

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

иштеринде иштеген. 1925-жылдан баштап чөлкөм таануу, маданият, курулуш илим изилдөө институтунда, Эл Комиссарлар Советинде, Борбордук архивде иштеген. 1935-жылы Б.Солтоноев Кыргыз АССРнын Маданият, курулуш илимий институтуна 30 басма табак көлөмүндөгү, 822 бет кол жазмасын өткөргөн [4.391б.]. Өз мезгилиндеги замандаштардан айырмаланып ал агартуучу, тарыхчы, акын жана котормочу да болгондугу белгилүү.

Кыргыз элинин тарыхы боюнча жазылган этнограф, агартуучунун “Кызыл кыргыз тарыхы” эмгеги кыргыз урууларынын арасынын чогултан этнографиялык маалыматтарга эле эмес белгилүү чыгыш таануучулардын, кыргыздардын өткөн тарыхына, чарбасына, маданиятына терең кызыгышкан окумуштуу илимпоздордун эмгектерине таянып жазылган. Бул пикирди эмгектин “Сөз башындагы” автордун төмөнкү маалыматы ырастайт: “...кыргыздын кайдан таралып, кайсы заманда тарыхка илингендигин, кайсы жерде тургандыгын, саясы үнөм-жөнү кандай болгондугун, анын расим, адет, пейли, кулкун оозеки сурап жана Жавропа (Европа – А.К), Кытай, Иран, Араб жана эски-жаңы түрк, татар тарыхын, маселен, дүйнөгө маалым болгон тарыхчылар: Бичурин (Якинф), Бартольд, Радлов, Аристов, Миллер, Чжан-Шан, Чанчун, Клапрот, Катанов, Фишер, Григорьев, Исловдев, Махмуд-Кашгари, Абдулгазы, Туманский жана башка тарыхчылардан маалымат алып жаздым”[8.5 б.]. Автор өзү жазмакчы агартуучунун колуна тийген биринчи тарых китептер 1891-жылы басылып чыккан “Шежире түрк”, 1898-жылы чыккан Бартольддун “Жети-Суу тарыхынын очерки” болгон [8.85-86 б.]. О.э. ал Ормон хандын намангандык молдого жаздырган “Жооп-намасын” да пайдалангандыгын билдирет [8.,86 б.].

Кыргыз урууларынын этникалык топторунун түзүлүшү жөнүндөгү оозеки тарыхы – санжыраны, этнографиялык маалыматтарды беш-алты жыл чамасында калк арасынан иликтеп, чогултуп, иргеп, анализдеп илимий айлампага киргизгендигин автордун: “Кыргыздын оозеки тарыхын жазууга ар урук элдин өзүнүн жети атасына жете билгендиги зор жардам берет. ... кыргыздын бир далай эски карыяларынан сөз билген чечендеринен, көптү көргөн көсөмдөрүнөн, үйдө жаткан карыялардан тарых сөзгө 1890-жылдан баштап кулак салып, 1895-96 жылдардан баштап тарых сөзүн ташпиштөөгө киришип, сөздүн чынын ылгап, дал туура чыккандарын терип жүрүп, азыраак “оң, сол” аталган кыргыздын түпкү тарыхы жазылды” [10.19-20 б.], - деп жазгандары тастыктайт.

Кыргыз эли байыркы элдерден экендиги, “кыргыз” этноними жөнүндөгү кытай жазуу булактарындагы эскерүүлөр тууралуу илимий эмгектерде, атайын изилдөөлөрдө берилип келгендиги жалпыга маалым. Кыргыз окмуштууларынын ичинен алгач бул маалыматтын тарыхый мааниси тууралуу биз сөз кылып жаткан эмгекте көтөрүлөт. Б.Солтоноев кыргыз элинин байыркы түрк элдеринен экенин далилдеген “кыргыз” этнониминин эскерлишин: “Кытай тарыхынын атасы аталган, биздин эрадан 99 жыл мурун жазылган “Шицзы” деген тарыхта[3.с.5] түрктүн “гунн” аталган уругу биздин эрадан 201 жыл мурун “Ге-гун” (киккин) гегунь (Бичирун. 1950. Т.1. 50-б.) деген элди караткан деп Сыма Цйан айтат. Транскрип жазууга салып Кик-кин деген сөздү текшергенде “кыргыз” болуп чыгат. Кик-кин – “гйан-гун” деген сөз”[10.19 б.], - деп Бартольддун, Бичуриндин тарыхый маалыматтарына таянып берген.

“Кызыл кыргыз тарыхында” кыргыз элинин байыркы гунндардын, усундардын, андан кийинки Алтай, Сибирь, Мин-Өзөөн аймактарындагы мезгилдерине да кенен токтолуп, жыйынтык чыгарган. Ошондой эле эмгекте гунндардын элдердин улуу көчүнөн кийинки, Европа айдыңындагы тарыхы, Атилланын Рим империясына жасаган жоортуулу, европа элдерине жасаган тополоңдорун илимий негизде берүүгө аракет кылган [10.28-29 б.].

Тарыхчынын эмгегинде Борбордук Азиянын “Түрк дооруна” таандык мезгили жөнүндөгү маалыматтар кездешет. Улуу түрк каганатынын түзүлүшүн, анын кийин экиге бөлүнүшү, Енесей кыргыздарынын мамлекети, Барбек менен Йаглакардын эрдиктери, Кыргыздардын Уйгурлар менен болгон күрөшү, Улуу кыргыз дөөлөтүнүн орношу, Тан

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

Кытайы менен болгон мамилелери жөнүндөгү Орто, Борбордук Азиянын Тү доорундагы саясий абалынын өнүгүшүн Белек Солтоноев П.М.Мелиоранскийдин 1899-жылы Сант-Петербургдан чыккан “Памятники в честь Кюл Тегина. С двумя таблицами надписей”, С.Е.Маловдун 1929-жылы Ташкенттен чыккан “Образцы древнетурецкой письменности, с предисловием и славарем”, В.Бартольддун эмгектериндеги маалыматтарга, тарыхый булактарга, илимий эмгектерге таянуу аркылуу интерпретациялаган [10.30-62 б.] биринчи кыргыз окумуштуусу болгон.

Мухаммед Хайдардын мезгилинде (1499-1551-жылдары жашап өткөн бир нече тарыхый эмгектердин автору. “Тарихи Рашиди” эмгегинде кыргыздарды “Моголстандын токой арстандары” деп эскерет) эле Жети-Суу өрөөнүндө жашаган кыргыздардын 10.71-134 б] калыптанышы, Мухаммед Кыргыз – Тагай бийден “башталган кыргыздын” [10.75 б.], кыргыз урууларынын тарыхы, кыргыздарга калмактардын кол салышы, Кытай кыргыздары, кыргыз- казак чабыштары араб, орус, байыркы түрк тилдериндеги жазуу булактарынын, кыргыз элинин салттык билими болгон санжыраны пайдалануу менен илимий изилдөөлөргө таандык тарыхый-ретроспективдик, тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-системалык методдордун негизинде анализ жазган. Макаланын башында айтылгандай Б.Солтоноев кыргыздардын, Кыргызстандын XVIII к.-XX к. башындагы тарыхына, коомдук-саясий түзүлүшүнө, Кокон хандыгынын мезгилине, Падышачылык Россиянын курамындагы учуруна, 1916-жылкы элдик көтөрүлүшүнө да кеңири токтолуп, алгачкылардан болуп тарыхый баасын берген.

“Кызыл кыргыз тарыхы” эмгегинде кыргыз элинин эң байыркы мезгилден баштап XX кылымдын башына чейинки тарыхынын урунттуу мезгилдери менен катар элдин жашоо-турмушу, чарбачылыгы, коомдук мамилелеринин өнүгүшү сыяктуу маданиятынын өзгөчөлүктөрүнө да токтолгон. Кыргыздар байыртадан мал жандуу келип, көчмөн турмушта жашап келишкендиги илимий адабияттарда, тарыхый булактарда эскерилет. Кыргыздар башка чыгыш элдериндей эле чарбачылык турмушу менен байланышкан 12 жылдык циклдик жыл сүрүү календарлары иштелип чыккан [9.107-109 б.]. Белгилүү казак окумуштуусу А.Х.Маргулан бул циклга “кыргыздардын гана ойлоп табуулары катары өзгөчө көңүл бурууну” талап кылат [6]. Элдик календарь боюнча жыл сүрүү 4 мезгилден, 12 айдан турган. Мезгилдер азыркы илимдегидей эле жаз, жай, күз, кыш деп аталса, жыл ичиндеги 12 ай жаныбарлардын аты менен аталган. Белек Солтоноевдун маалыматы боюнча кыргыздар толук бир күндүн (сутканы) убактысын 33кө бөлүшкөн: “1-таң каракчы, 2-таң дүмпөйү, 3-таң куланөөк, 5-таң аппак атуу, 6-күн чыккан, 7-күн тоо-тоонун башына тие баштаганы, 8- күн көтөрүлгөн”[9.105 б.] ж.б. Кыргыз элинин күнүмдүк тажрыйбасынан топтолгон салттуу билимдери калыптанган. Алсак, тарыхчынын эмгегинде белгиленгендей: “уу коргошун, ак кодол, мендубана, жалбыз куурай, жады куурай, адрашман, шыраалжын жана башка майда өсүмдүктөрдү ар түрдүү кеселге дары кылган ” [9.4 б.].

Өзүнүн бир нече кылымдык тарыхы бар кыргыз элинин коомдук-тарыхый өнүгүүсүндө жазуу да болгон. Бирок ошого карабастан кыргыздардын өткөн маданиятында, элдик коомдук көз карашынын калыптанышында элдик оозеки чыгармалардын аткарган кызматы эбегейсиз. Санжыра, макал-лакап, кошок, жомок, дастан, эпос, санат-терме ырлары ж.б. кыргыз фольклору эл арасынан чыккан таланттар тарабынан зор чеберчилик менен аткарылып, аларга таандык «санжырачы», «кошокчу», «жомокчу», «дастанчы», «манасчы», «акын», «чечен» ж.б.у.с. адистик терминдер да иштелип чыккан. Элдик оозеки чыгармаларды аткаруучулардын баардыгы эле бул адистиктерге ээ боло алышкан эмес. Элдин, замандын элегинен, сынынан өткөндөр гана татыктуу болушкан. Ал үчүн акындар, таланттуу адамдардын ортосундагы атаандаштык мамиле, элдин сынчыл көз караштары жана пикирлери чон роль ойноп, күчтүүлөрдүн

күчтүүсү, таланттуулардын таланттуусу гана элдин колдоосуна ээ боло алган. Алар элдин оозеки чыгармаларды алып жүрүүчүлөр, иликтөөчүлөр, сактоочулар катары эле белгилүү болбостон, өз заманынын агартуучулары да болушкан десек туура болот.

Б.Солтоноев тарабынан алгачкы кыргыз агартуучулары болгон манасчы, акындар менен акылмандардын дүйнөтаанымына баа берилген. Кыргыз түптүү эски эл болуп "эң эски замандан бери жердеп, далай-далай жоокерчилик кыргын заман болсо да оозеки адабияты, түрлүү оюну, кесиби сактала келген" [10.207 б.] – деп, жыйынтык чыгаруу менен "эзелтеден өз заманына жараша акылдуу, даанышман кишилери чыккандыгы, кыргыз арасындагы эзелтеден айтылып келе жаткан миңдеген лакап, сөз, макалдары, ... түрлүү эскиден келе жаткан кесиптери"[10.214 б.] болгондугун белгилеген. "... Кесиптен: ат таптоо, ат чабуу, тайган таптоо, бүркүт, туйгун, шумкар, куш, лачын, кыргый, чүйлү, турумтай, күйкө ж.б.-ды таптоо, бул айтылган ... кесиптерден башка улутта болсо да бүткүл эмес, бирин-серин." [10.207 б.].

Б.Солтоноев "Кыргыз эң эски элдин биринен болгонуна караганда, заманына жараша анын өзүнчө маданияты, жазуу тарыхый жана адабияты ошол замандагы башка адабияттуу журттан анчалык кем болбой келе жатканына, азыркы кыргыздагы илгертен айтылып келе жаткан "Манас", "Семетей", "Төштүк", "Кошой" жана "Көкөтөй" деген ырлары анык күбө"[10.214 б.], - деп туура чечимге келген. Кыргыз элинин оозеки руханий мурастарындагы үлгүлүү билим сөздөрүнүн, даанышман, акылмандардын (Калыгул, Арстанбек, Музооке) айткандары, руханий мурастары кыргыз элинин маданиятындагы, салттык билиминдеги орду канчалык бийик турарын белгилеген.[10.209-221 б.] Ошондой эле агартуучунун эмгегинде кыргыздардын диндик ишенимдеринин тарыхы, исламдын жайылышы туурасында да маалыматтар кездешет [10.15;149-153 б.].

Кыргызстанда ислам дининин өтө кенири таралышы Кокон хандыгынын учурунда башталат. Бирок, өздөрүн мусулманбыз деп тааныган кыргыз элинин диндик ишениминде мурунку, исламга чейинки диндердин [7. С.205] элементтери да сакталган, башкача айтканда ислам менен теңирчиликтин ортосунда рухий интеллектуалдык келишпестик жок болгондугу "Кызыл кыргыз тарыхында" да эскерилет [10.149-152 б.]. "Чочконун этин жешпейт, намазды 100 адамдан 1-2 эле окуйт (Кытай булагы: "Сиюй веньцзянь")"[7. С. 205-206] – деп, кытай булактарында жазылгандай кыргыздар буга чейин ислам динин тутунганы менен диндин негизги жол-жоболорун жеткиликтүү түшүнүшкөн эмес жана эрежелери көчмөн элдин арасында толук аткарылбаган. Бул маалыматты кыргыз агартуучулары да ырасташат. Кыргыздар өздөрүн мусулманбыз дешкени менен, Б.Солтоноев жазгандай: "намаз окуп, орозо тутканы минден бирөө болгон, балким андан дагы кем болгон" [10.15 б.] .

Б. Солтоноев өзү жазгандай совет бийлигине чейин башталып, кийин аяктаган эмгекте кыргыз элинин байыркы мезгиден берки тарыхы баяндалат. "Жер жүзүндө тарыхсыз, адабиятсыз эл болбойт"[10], – деп жазган агартуучу элибиздин тарыхына, маданиятына байланышкан "Манас" баштаган элдик чыгармалар, Орхон-Енесей жазуулары, Асан Кайгы, Кет-Бука, Санчы Сынчы, Калыгул, Музооке ж.б. тууралуу руханий дөөлөттөргө кеңири көңүл бөлүү менен элдик эмпирикалык билимдерге, санжырага да чоң маани берген. Кыргыз улуттук илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусунда Белек Солтоноевдун эл арасынан топтоп өткөргөн материалдары арбын. Көп кырдуу таланттуу окумуштуунун акындык өнөрү менен катары котормочулугу да өзгөчө баага татыктуу. Өз доорунун билимдүү адамы катар ал "Жер жүзүндө адам баласы саат санап, жаңы өнөр таап, маданияттын арттырып, күндөн күнгө илим-билим техникасы өсүп бара"[10.8 б.] жатканын эскертип кыргыз элин илимге, билимге, техниканын жетишкендиктерине жетишүүгө үгүттөгөн.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

Алгач жазылган илимий эмгек катарында элибиздин алгачкы тарыхчысы Белек Солтоноевдун “Кызыл кыргыз тарыхы” Кыргызстандын илиминин, агартуусунун тарыхында өзгөчө баага татыктуу. Эмгекте алгачкы жолу кыргыз окмуштуусу элибиздин тарыхындагы маданиятка, салттуу билимдерине, диний ишенимдерине, руханий дөөлөттөрүнө кеңири токтолгон. Ал кыргыздардын “оозеки тарыхы” болгон санжырасын илимий айлампага алып, илимий эмгектер менен тең тарыхый булак катары колдонгон алгачкы кыргыз окумуштуусу.

**Адабияттар тизмеси**


1. Артыкбаев К. Белек Солтокелди уулу Солтоноев (тарыхчы, этнограф, фольклорист жана акын жөнүндө) [Текст] / К.Артыкбаев // Кыргызстан маданияты. – 1989, 12-январь.
2. Асанов Т.И. Кыргызстандын этносасий түзүлүшүнүн жана тарыхый байланыштарынын санжырада чагылдырылышы [Текст]: тар. илим. канд дис. ...: 07.00.02 / Т.И.Асанов. – Бишкек: 1999. – 200 б.
3. Бартольд В.В. Очерки истории Семиречья [Текст] / В.В.Бартольд. - М.: 1963.
4. Жусупов К. Белек Солтоноев [Текст] / К.Жусупов // Кыргыздар /// Он томдук жыйнак, VII том. – Б.: Учкун, 2004. – 536 б.
5. Караев Ө. Кыргыздын тунгуч илимпозу [Текст] / Ө.Караев // Ала-Тоо. - 1988. - №2.
6. Маргулан А.Х. Выступление на научной сессии по этногенезу кыргызского народа [Текст] / А.Х.Маргулан //Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции. В 3 т. — Фрунзе: 1956. – Т.3. - С. 150-181.
7. Мокеев А.М. Этапы этинической истории кыргызского народа во второй половине IX-первой половине XVIII вв. [Текст]: дисс.... д-ра исторических наук: 07.00.02 / А.М.Мокеев. – Бишкек : 2010. - 263 с.
8. Солтоноев Б. Кызыл-кыргыз тарыхы. [Текст] / Б.Солтоноев. - Б.: Учкун, 1-китеп, 1993. – 208 б.
9. Солтоноев Б. Кызыл-кыргыз тарыхы [Текст] Б.Солтоноев. - Б.: Учкун, 2 китеп, 1993. – 224 б.
10. Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы [Текст] / Б.Солтоноев.–Бишкек: АРХИ, 2003.–448 б.